# ПИКИР

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академик А.Алтмышбаев атындагы Философия институту менен «Кыргызстан Эл аралык университети» Окуу илимий-өндүрүштүк комплексине караштуу түзүлгөн социология илимдери (шифрлери 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер жана 22.00.03 - экономикалык социология жана демография) боюнча доктордук (кандидаттык) диссертацияларды коргоо үчүн түзүлгөн Д 22.23.676 диссертациялык кеңешининде коргоого сунушталган, Жунушова Сайкал Орозовнанын “Кыргызстан жаштарынын социалдык иденттүүлүгү: абалы жана келечеги” 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алууга сунушталган диссертациялык ишинин расмий оппоненти, .социология илимдеринин доктору, Мотукеев Болот Джакимбаевтин пикири

**Диссертациялык иштин актуалдуулугу.** Азыркы кыргыз коомунун базар экономикасына өтүүсү өзгөчө шартта башкача айтканда маалыматтык доордун күч алуусу, ааламдашуунун дүйнөнү курчоосу, коомдук процесстердин тез өзгөрүүсүнө туш келди, бул социалдык жаңылануулар жаштардын социалдык иденттүүлүгүнүн калыптанышына өзгөчө таасирин тийгизүүдө. Мындай тез жаңылануларга дуушар болгон коомдук турмушта бардык социалдык институттар ар кандай өзгөрүүлөргө дуушар болушууда. Базар экономикасынын шарттарына туура келүүчү баалуулуктар, негизинен, алардын, салттык коомдо калыптануусу өзгөчөлүктөр, карама-каршылыктар, ар кандай ички, тышкы факторлордун негизинде жүрүүдө.

Жаштар социалдык-демографиялык өзгөчө топ катары көп учурларда моралдык, этникалык, диний, кесиптик, граждандык, экономикалык жана башка иденттүүлүктөрдө өзүлөрүн таба албай, коомго тезирээк позитивдүү социалдаша албай (сүңгүп кире албай), ар кандай деңгээлдеги кыйынчылыктарды жеке жашоосунда башынан өткөрүп келет. Ошондуктан, биздин оюбузча, жаштардын ар кандай тобу өзүнүн социалдык иденттүүлүгүн толук түрдө өздөштүрө албай турган учурда алар эртеңки жашоосуна кооптонуу, алсыздык, коркунуч менен карайт. Ал эми алсыздык, кооптонуу, коркунуч адамдын жүрүм-турумунда агрессияны пайда кылат. Бир жагынан алганда, коомго аралаша албаган, өз доорундагы жашоо-турмушка жуурулушуп кетпеген, өзүнүн ордун кайсы бир социалдык топтордо таба албаган жаш адам негативдүү жүрүм-турум менен жашайт. Андай учурда жаштар терс кадамдарга кабылышы толук мүмкүн. Мындай жүрүм-турумду психологдордун аныктамасынын негизинде жаш адамдын өзүн-өзү коргонуусунун бир формасы катары кабылдоого болот дагы, коомдо

негативдүү консолидация, аралашуу механизиминин мисалы катары көрсөтүлөт. Ошондуктан, жаштардын өзгөчө социалдык-демографиялык топ катары социалдык иденттүүлүгүн, калыптануу процессиндеги механизмдерин жана факторлорун изилдөө бүгүнкү күндө жаш адамдын инсандыгын иликтөөдөгү көйгөйлөрдүн бири болуп саналат. Бүгүнкү күндө дүйнө, бир жагынан, илимий-техникалык, технологиялык, маалыматтык жетишкендиктер менен мүнөздөлсө, экинчи жагынан, иденттүүлүктүн салттуу формалары бузулуп, салттык баалуулуктардын алкагында калыптанган адамдын өзүн-өзү таануусунун субъективдүү сезимдери өзгөрүүдө. Бул жаш муундун турмуштук стратегияларынын калыптануу процессинде өзгөчө байкалууда.

1. **Диссертациялык иште коюлган талаптардын алкагындагы илимий жыйынтыктар.**

**Натыйжа 1.** Социалдык иденттүүлүк, идентификациялоо, тектештирүү, идентификация стратегиясы, баалуулуктар жана социалдашуу илимий түшүнүктөрүнө арналган концепцияларга, теорияларга жүргүзүлгөн илимий салыштырманын негизинеде автордук социалдык иденттүүлүк аныктамасын сунуштоого мүмкүндүк болду деген корутунду негиздүү.

**Натыйжа 2.** Жаштарга арналган социологиялык теорияларды жана концепцияларды илимий талдоонун негизинде жана жаш муундун социалдык иденттүүлүгүн калыптандыруунун негизги мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктоого мүмкүндүк түзүлдү .

**Натыйжа 3.** Жаштар өзгөчө социалдык демографиялык топ катары азыркы кыргыз коомунун стратификация түзүмүндө өзгөчө орунду ээлей тургандыгы далилденди. Жаштардын социалдык-демографиялык топ катары коомдогу орду, өзгөчөлүктөрү жана азыркы базар мамилелерининин өзгөрүү динамикасын негизинде берилген.

**Натыйжа 4.** Азыркы жаштардын үй-бүлөлүк иденттүүлүгүнүн критерийлери жана мүнөздөмөлөрү теориялык-методологиялык адабияттарды талдоонун негизде такталган. Жаштардын үй-бүлө баалуулугу институционалдык мейкиндикте талданып, кыргыз үй-бүлөсүндө мамилелердин салттуу жана инновациялык формаларына талдоо жүргүзүлгөн.

**Натыйжа 5.** Ааламдашуу, маалыматтык коомдо билим берүү системасы жаштардын социалдашуу процессине жана социалдык иденттүүлүгүнүн калыптанышына олуттуу таасирин тийгизет деген илимий ой толгоо негизделген. Азыркы шарттарда бул процессти жөнгө салуунун негизги механизми катары билим берүүнүн сапатын жогорулатуу аныкталган.

**Натыйжа 6.** Корутундуда массалык маалымат каражаттары жана санариптик технологиялар жаштардын социалдык иденттүүлүгүн калыптандыруунун маанилүү факторлору болуп саналат деп белгиленет. Алардын таасиринин эффективдүүлүгү жаштардын жаш өзгөчөлүгүнө жана

маалымат каражаттарынын түрлөрүнө, саптатына, идеологиясына жараша экени далилденген.

**Натыйжа 7.** Заманбап шарттарда дүйнө жүзүндө диний кайра жаралуу процесси жүрүүдө. Жаштардын диний иденттүүлүгүнүн позитивдүү калыптанышына жаштарды диний экстремизмден сактоо тууралуу ой толгоо жүргүзүлгөн. Жаш адамдын жүрүм-туруму жана иш-аракетинин айрым түрлөрүнүн анын динчилдигинен, салттуу коомдук баалуулуктарынан кээ бир учурда көз каранды эмес экендиги далилденген.

**Натыйжа 8.** Жаштардын миграциялык потенциалы аныкталып, Кыргызстандын жаш муундарынын жашоосунда олуттуу роль ойнойт деген тыянак келтирилген. Миграция процесси менен улуттук экономикалык коопсуздуктун өз ара байланышынын көйгөйлөрү жаштардын мобилдүүлүгү призмасы аркылуу каралып, аныкталып чыккан.

**Натыйжа 9.** Демократиялык баалуулуктар жаштардын социалдык иденттүүлүгүн калыптандыруунун коопсуздугуна таасирин тийгизет деген илимий тыянак негизделген. Заманбап Кыргызстандагы жаштар кыймылынын пассивдүүлүгү, системалашпандыгы, саясий-укуктук иденттүүлүктүн кризисине жана мамлекеттин коомдук-саясий түзүлүшүндөгү мурдагы ролун жоготуунун түпкү себептери аныкталды.

**Натыйжа 10.** Заманбап социалдык-маданий шарттарда жаштар кыймылы коомду турукташтыруунун, активдештирүүнүн, жаштардын ар кандай категорияларынын социалдык өнүгүүсүнүн жана коомдук-саясий мамилелердин чыңдалышынын маанилүү фактору бойдон калууда деген тыянак чыгарылган.

**Натыйжа 11.** Жаш муунду коомдук турмушка тартуунун мыйзамдык-укуктук негиздери, алардын коомдогу социалдык интеграциясына жана мамлекеттин өнүгүү процессине активдүү катышуусуна көмөктөшөт деген илимий тыянак негизделген.

**Натыйжа 12.** Жаштарды саясий социалдаштыруу-бул жаш муундарда саясий баалуулуктарды, ишенимдерди жана көз караштарды калыптандыруу процесси деген тыянак чыгарылган. Жаштардын саясий-укуктук инсандыгын калыптандыруу коомдогу туруктуулукту камсыз кылуунун маанилүү фактору болуп саналат деген тыянакка келген.

**Натыйжа 13**. Кыргыз Республикасындагы жаштардын абалынын өзгөрүү динамикасынын аналитикалык комплекстүү көрсөткүчтөрү сандык жана сапаттык өзгөрүү процесси катары аныкталган. Жаш муундун бакубаттуулугу - бул социалдык, физиологиялык, психологиялык, интеллектуалдык жана материалдык жактан жаштардын өнүгүүсүнүн негизи базасы катары негизделет.

**2. Изденүүчү тарабынан диссертацияда түзүлгөн ар бир натыйжанын жана корутундунун негиздүүлүк жана аныктык даражасы.**

Диссертациялык иштин ар бир структуралык элементин камтыган негиздүү корутундулары бар, ар тараптуу талданган, изилденген илимий эмгек болуп саналат. Илимий изилдөөнүн корутундулары ишенимдүү фактыларга, документалдык булактарга негизделген жана жаштардын социалдык иденттүүлүгүнүн калыптанышына таасир этүүчү материалдарды ар тараптуу камтуу менен илимий жактан анализденген. Корутундулар системалаштырылган, илимий-практикалык сунуштарды камтыйт жана иштин мазмунуна ылайык келген корутунду түрүндө илимий -практикалык тыянак менен жыйынтыкталат. Диссертант тарабынан чыгарылган жаңы илимий натыйжалар ишенимдүү жана жаштар саясатын жана жаш муундун социалдык иденттүүлүгүнүн калыптаныш процессин андан ары изилдөө үчүн олуттуу теориялык жана практикалык мааниге ээ.

**Натыйжа 1.** Социалдык иденттүүлүк, идентификация, идентификациялык стратегия жана социалдашуу концепцияларына арналган илимий адабияттарга жүргүзүлгөн талдоо ар кандай ыкмаларды системалаштырууга жана жаштардын социалдык иденттүүлүгүнүн автордук аныктамасын берүүгө мүмкүндүк берди деген тыянак негиздүү жана ишенимдүү. Ишенимдүүлүк илимий булактардын ар тараптуу негиздерине таянуу жана илимий түшүнүктөрдү, категорияларды салыштыруу менен камсыз кылынат.

**Натыйжа 2.** Жаштарга арналган социологиялык теорияларды жана концепцияларды талдоо жаштардын өзгөчө социалдык-демографиялык топ катары социалдык иденттүүлүгүн калыптандыруунун негизги мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктоого мүмкүндүк берет деген илимий тыянак негиздүү жана ишенимдүү. Ишенимдүүлүк классикалык теориялык эмгектерге таянуу менен бирге эмпирикалык изилдөөлөрдү колдонуу менен тастыкталат.

**Натыйжа 3.** Жаштардын социалдык иденттүүлүгү коомдогу субъективдүү феномен катары идентификация процесстерине системалуу мамиле кылуунун аркасында, өзүн белгилүү бир социалдык топ менен идентификациялоо, тектештирүү, уйкаштыруу процесси катары, социалдык моделдер, топтор, ролдор, типтер, мүнөздөмөлөр, сапаттар жана касиеттер менен өз ара байланышта деген илимий тыянак, ишенимдүү жана негизделген.

**Натыйжа 4.** Азыркы жаштардын үй-бүлөлүк иденттүүлүгүнүн критерийлери жана мүнөздөмөлөрү боюнча автордун аныктамасы негизделген. Институционалдык мейкиндикте кыргыз жаш үй-бүлөсүндө мамилелердин салттуу жана инновациялык формаларына талдоо жүргүзүлгөн. “Үй-бүлө” түшүнүгүнүн маңызын жана мазмунун аныктоонун методологиялык негиздери талданган.

**Натыйжа 5.** Заманбап шарттарда билим берүү концепциясы жаңылануга, инновациялык технологиягияларга негизделиши керек деген тыянак ишенимдүү, анткени жаштар социалдык-демографиялык топ катары коомдо болуп жаткан өзгөрүүлөрдүн объектиси гана эмес, бул процесстердин активдүү субъектиси болуп саналат. Мындай шартта жаштарды руханий-

адептик жактан өнүктүрүү жана тарбиялоо татаал, көп кырдуу процесс. Ал бүтүндөй толуктугу жана карама-каршылыгы адамдын жашоосунан, үй-бүлөдөн, коомдон, маданияттан, элдин жашоо образын, аң-сезимин калыптандырган доордон ажырагыс болуп саналат.

**Натыйжа 6.** Заманбап жалпыга маалымдоо каражаттары маданияттын өзөгүн түзгөн, жаштардын коомдук активдүүлүгүнө көмөктөшүүчү жана инсандык сапаттарды калыптандыруучу функцияларды аткарып жаткандыгына негизделет. Массалык маалымат каражаттары (ММК) жаштардын күнүмдүк жашоосунда ар кандай аспектилерине таасир этип, заманбап коомдун жашоосунда алмаштыргыс ролду ойнойт. Алар жаңылыктардын, маалыматтын, көңүл ачуунун жана билимдин булагы болуп, коомдук пикирди жана жаштардын маданий нормаларды калыптандырат.

**Натыйжа 7.** Жаштардын диний маданияты жана диний иденттүүлүгү карама-каршы шарттарда калыптанган деген тыянакка негизделген. Жаштардын арасында диний ишенимдин өсүү себептеринин комплексинде социалдык-психологиялык себептер чоң салыштырма салмакка ээ. Аларга жаш адамдын динге өтүшүн шарттаган сезимдер, маанай, эмоциялар кирет. Ишенимдүүлүк социологиялык маалыматтарды жана диний изилдөөлөрдү талдоо менен камсыз кылынат.

**Натыйжа 8**. Жаштардын миграциялык потенциалынын аныкталган факторлорунун жана шарттарынын негизинде жаштардын негизги максаттары: өзүн жана үй-бүлөсүн татыктуу материалдык жана финансылык абал менен камсыз кылуу, сапаттуу билим алуу үчүн миграциялык маанай жаштардын арасында көп таркагандыгы социологиялык маалыматтарды жана автордук, изилдөөлөрдү талдоо менен камсыз кылынган.

**Натыйжа 9.** Глобалдык демократиялык баалуулуктардын жаштардын социалдык иденттүүлүгүнүн калыптанышына тийгизген таасири негиздүү деген тыянак жаштар чөйрөсүнө социалдаштыруунун эки карама-каршы тенденциясы таасир этет. Биринчиси жашоонун позитивдүү багыттарын камтыйт - жемиштүү иштөөгө умтулуу, билимге кызыгуу болуп саналат. Экинчиси керектөө жана көңүл ачууга байланыштуу баалуулуктардын негизи болуп саналат. .

**Натыйжа 10.** Азыркы социомаданий шарттарда жаштар кыймылы коомду турукташтыруунун, жаштардын ар кандай категорияларынын социалдык өнүгүүсүнүн жана социалдык-саясий мамилелерди чындоонун маанилүү фактору болуп кала берет деген тыянак негиздүү жана ишенимдүү. Ишенимдүүлүк жаштардын активдүүлүгүнүн динамикасын социологиялык изилдөөлөрдү талдоо менен камсыз кылынат.

**Натыйжа 11.** Жаштарды коомдук турмушка тартуунун мыйзамдык жана укуктук негиздери алардын социалдык жашоосуна жана мамлекеттик өнүгүү процессине активдүү катышуусуна өбөлгө түзөт деген жобого негизделген. Ишенимдүүлүгү ченемдик укуктук базаны жана жаштардын социалдык адаптациялоо механизмдерин талдоо менен тастыкталат.

**Натыйжа 12.** Жаштардын саясий-укуктук иденттүүлүгүн калыптандыруу коомдо туруктуулукту камсыз кылуунун маанилүү фактору

болуп саналат деген жобо негиздүү жана анык. Ишенимдүүлүгү укуктук системаны жана жаштардын демилгелерин талдоо менен тастыкталат.

**Натыйжа 13.** Кыргызстандын жаштарынын бакубаттуулук жана интеллектуалдык өнүгүү индекси анын социалдык активдүүлүгүндө негизги ролду ойнойт, ал эми мамлекеттик саясат бул процесске олуттуу таасирин тийгизет деген тыянак негиздүү жана ишенимдүү. Аныктыгы статистикалык маалыматтарды пайдалануу, ошондой эле мамлекеттик жаштар саясатын салыштырма талдоо менен камсыз кылынат.

**3. Диссертацияда баяндалган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын (жобосунун) жана жыйынтыгынын жаңылык даражасы.**

**Натыйжа 1.** Жаңы, анткени социалдык иденттүүлүктүн автордук аныктамасы иштелип чыккан.

**Натыйжа 2.** Жаңы, анткени автор көйгөйдү изилдөөдө теориялык-методологиялык ыкмаларды системалаштырган жана комплекстүү илимдер аралык мамилени колдонгон.

**Натыйжа 3.** Жыйынтык жарым-жартылай жаңы, жаштар азыркы кыргыз коомунун стратификациялык түзүмүндө өзгөчө орунду ээлейт деген тыянак чыгарылат. Жаңылык, жаштардын социалдык-демографиялык топ катары динамикалык өнүгүүсүн эске алуу менен, алардын өзгөчөлүктөрүн деталдуу анализдегенинде белгилүү болуп турат.

**Натыйжа 4.** Жыйынтык жарым-жартылай жаңы, анткени азыркы жаштардын үй-бүлөлүк иденттүүлүгүнүн критерийлерине жана мүнөздөмөлөрүнө автордук аныктама берилет. Институционалдык мейкиндиктеги Кыргыз үй-бүлөсүндөгү салттуу жана инновациялык мамилелердин формаларына талдоо жүргүзүлдү.

**Натыйжа 5.** Жарым-жартылай жаңы, жаштардын социалдык иденттүүлүгүнүн калыптанышы, социалдашуу процессинде мамлекеттик билим берүү системасы өзгөчө институт катары жаш муундун жашоо турмушуна, баалуулугуна тийгизген таасири аныкталды.

**Натыйжа 6.** Жарым-жартылай жаңы, ММК жана санариптик технологиялардын жаштардын аң сезимине, жашоого болгон көз карашына, жалпы маанайына, турмуштук, куррактык өзгөчөлүктөрүнө тийгизген таасирин аныктоодо талдоо жүргүзүлөт.

**Натыйжа 7.** Жаңы, анткени жаштардын диний иденттүүлүк феномени салыштырмалуу автономияга ээ экендиги жөнүндө жобо түзүлгөндүктөн, жаш адамдын ишмердүүлүгүнүн жана кээ бир аракеттеринин айрым түрлөрүнүн динчилдик деңгээлинен, диний маданиятынан, салттуу моралдык-этикалык баалуулуктарынан жана аң-сезим көз караштарынан көз карандысыздыгы далилденген.

**Натыйжа 8.** Жаңы, анткени миграциялык потенциал Кыргызстандын жаштарынын жашоосунда маанилүү ролду ойнойт. Жаңылык жаштардын мобилдүүлүгүнүн негизи аркылуу миграция менен улуттук экономикалык коопсуздуктун байланышын талдоодо жатат.

**Натыйжа 9.** Жаңы болуп, глобалдык демократиялык баалуулуктар жаштардын социалдык иденттүүлүгүн калыптандыруунун коопсуздугуна

таасирин тийгизери белгиленди. Жаңылык Кыргызстандагы жаштар кыймылынын кризисинин терең себептерин аныктоодо турат.

**Натыйжа 10.** Жарым-жартылай жаңы, азыркы социалдык-маданий шарттарда жаштар кыймылы коомду турукташтыруунун маанилүү фактору болуп кала берет деген тыянак чыгарылды. Жаңылык жаштардын ар кандай категорияларынын социалдык өнүгүүсүн жана анын саясий процесстерге тийгизген таасирин талдоодон турат.

**Натыйжа 11.** Жарым-жартылай жаңы, жаштарды коомдук турмушка тартуунун мыйзамдык жана укуктук негиздери алардын социалдык калыптанышына өбөлгө түзөт деген жобо сунушталууда. Жаңылык мамлекеттик жаштар саясатынын колдонуудагы механизмдеринин натыйжалуулугун баалоодо көрүнүп турат. Дүйнөдөгү алдыңкы мамлекеттердин жаштар саясатынын жакшы жактарын Кыргызстанга колдонуу керек деген тыянакта турат.

**Натыйжа 12.** Жаңы, жаштардын саясий-укуктук иденттүүлүгүнүн калыптанышы талданат. Коомдогу туруктуулукту камсыз кылуунун маанилүү фактору болуп, жаштардын саясий турмушка катышуусун колдоо механизмдерин негиздөө менен алдыга коюлат.

**Натыйжа 13.** Жарым жартылай жаңы, Кыргызстандын жаштарынын бакубаттуулук жана интеллектуалдык өнүгүү индекси анын социалдык активдүүлүгүндө негизги ролду ойнойт деген тыянак чыгарылган. Жаңылык мамлекеттик саясат менен жаштардын социалдык активдүүлүгүнүн деңгээлинин ортосундагы өз ара байланышты аныктоодо турат.

**5. Алынган натыйжалардын практикалык мааниси.** Изилдөө иши, негизинен, азыркы учурдагы кыйла актуалдуу көйгөйгө кайрылуу менен, Кыргызстан жаштарынын социалдык иденттүүлүгүн позитивдүү калыптандыруунун жолдорун негиздөө менен шартталган. Изилдөөнүн натыйжаларын жаштардын нааразычылык жүрүм-турумунун ар кандай формаларында коштолгон иденттүүлүктүн диффузиясынын өнүгүшүн алдын алуу жана алардын чоңдор дүйнөсүнө кирүү процессин оптималдаштыруу максатында социалдык колдоо боюнча программаларды жана долбоорлорду иштеп чыгуу үчүн колдонууга толук мүмкүн. Ошондой эле изилдөөнүн жыйынтыктарын “Жаштар социологиясы”, “Үй-бүлө социологиясы”, “Экономикалык социология”, “Инсан социологиясы”, “Билим берүү жана илим социологиясы”, “Өспүрүмдөр социологиясы”, “Дин социологиясы”, “Миграция социологиясы”, “Саясий социология”, “Жаштар арасында социалдык иштерди уюштуруу” өңдүү атайын окуу сабактарында, дарстарды, практикалык сабактарды даярдоодо, жогорку окуу жайдын окутуучуларын кайрадан даярдоо курстарында материал катары колдонууга болот. Жогоруда белгиленген атайын курстарды жогорку окуу жайларында, атайын орто окуу жайларында окутууда изилдөөнүн жыйынтыктарын окуу-методикалык курал катары иштеп чыгуу жана колдонуу мүмкүнчүлүгү да бар.

Изилдөөнүн экономикалык мааниси, сунуш кылынган рекомендациялар социалдык чыңалууну азайтууга, жаштар арасында нааразылыктын алдын алууга, ошондой эле жаштардын социалдык

активдүүлүгүн жана жарандык жоопкерчилигин жогорулатууга өбөлгө түзүшү мүмкүн, бул узак мөөнөттүү келечекте Кыргызстандын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн туруктуулугуна оң таасирин тийгизет.

**6. Изденүүчү алган натыйжалардын тиешелүү актуалдуу проблеманы, теориялык жана прикладдык маселени чечүүгө багытталышы**. Диссертациялык изилдөө заманбап социологиянын негизги көйгөйлөрүнүн бирин – социалдык-экономикалык, саясий жана маданий өзгөрүүлөрдүн шартында жаштардын социалдык иденттүүлүгүнүн калыптанышын өзгөчөлүгүнө жана келечегин изилдөөгө багытталган. Изилдөөнүн теориялык мааниси социалдык иденттүүлүктү изилдөөгө болгон мамилелерди системалаштырууда, анын концептуалдык аппаратын тактоодо жана жаштардын социалдык иденттүүлүгүнүн автордук аныктамасын иштеп чыгууда, ошондой эле анын калыптанышына таасир этүүчү факторлорду талдоодо турат. Диссертацияда билим берүү тутумунун, ЖМКнын, санариптик технологиялардын, үй-бүлөлүк каада-салттардын, диндин жана миграциялык процесстердин Кыргызстандын жаштарын социалдык иденттүүлүгүнүн калыптаныш процессине тийгизген таасиринин мыйзам ченемдүүлүктөрү ачылган.

Изилдөөнүн колдонмо багыты мамлекеттик мекемелер, билим берүү системасы жана коомдук уюмдар тарабынан жаштарды социалдык адаптациялоо, иденттүүлүк кризисинин алдын алуу жана жаштарды коомдук турмушка активдүү катышууга тартуу стратегиясын иштеп чыгуу үчүн колдонула турган практикалык сунуштарды иштеп чыгууда колдонулса болот. Демек, диссертациянын жыйынтыктары актуалдуу социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө – жаштардын туруктуу социалдык иденттүүлүгүн калыптандырууга өбөлгө түзөт, бул коомдун туруктуу өнүгүүсү, улуттук коопсуздук жана Кыргызстанда мамлекеттик жаштар саясатынын өзөгүн түзүү үчүн маанилүү.

**7. Диссертациянын негизги жоболорунун, натыйжаларынын жана корутундуларынын жарыяланышынын жетиштүүлүгүн жана толуктугун тастыктоо.**

1. Жунушова, С. О. Тенденции развития национального самосознания кыргызской молодежи в условиях глобализации [Текст] / С.О. Жунушова // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. – Бишкек, 2011. - Юбилейный выпуск С.103-107. - [Электронный ресурс]. http://lib.knu.kg/files/2011/vesnik_Jubilei_KNU2011.pdf#page=103
2. Жунушова, С. О. Молодежь Кыргызстана в современном мире: проблемы социокультуной идентификации. [Текст] / С.О. Жунушова // Наука и новые технологии. - Бишкек, 2012. - С.172-175. - [Электронный ресурс]. Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=26299779 - Загл. с экрана
3. Жунушова, С. О. Социальная идентичность как объект социологического анализа [Текст] / С.О. Жунушова // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. – Бишкек, 2012. – Вып. 2. - С.79-83. - [Электронный

ресурс]. - Режим доступа: http://lib.knu.kg/files/2012/Vestnik2.pdf - Загл. с экрана.

4. Жунушова, С.О. Влияния поликультурного образования на идентичность городской молодежи Кыргызстана [Текст] / С.О. Жунушова // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. - Бишкек, 2012. - Вып. 2. - С.83-87. [Электронный ресурс]. - Режим доступа: http://lib.knu.kg/files/2012/Vestnik2.pdf - Загл. с экрана
5. Жунушова, С.О. Религиозная идентичность молодежи Кыргызстана в условиях глобализации [Текст] / С.О. Жунушова // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. – Бишкек, 2013. – Вып.1. - С.141-145. - [Электронный ресурс]. - Режим доступа: http://lib.knu.kg/files/2013/vestnik_1_2013.pdf - Загл. с экрана
6. Жунушова, С.О. Формирование социальной идентичности студенческой молодежи в современных условиях Текст] / С.О. Жунушова // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. – Бишкек, 2013. – Вып.1. - С.145-150. - [Электронный ресурс]. - Режим доступа: http://lib.knu.kg/files/2013/vestnik_1_2013.pdf - Загл. с экрана
7. Жунушова, С.О. Особенности воздействия средств массовой информации на трансформации социальной идентичности студенческой молодежи Кыргызстана в современных условиях [Текст] / С.О. Жунушова // Вестник БГУ им. К.Карасаева. - Бишкек, 2013. - С.38-40. - [Электронный ресурс]. - Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=44881874- Загл. с экрана
8. Жунушова, С.О. Компетентнестный подход в контексте Болонского процесса как позитивный фактор социализации студенческой молодежи [Текст] / С.О. Жунушова // Ученые записки: серия гуманитарные науки. - Худжанд, 2013, 2(35). - С.231-242. - [Электронный ресурс]. - Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=20192037 - Загл. с экрана
9. Жунушова, С.О. Специфика политической идентификации молодежи Кыргызстана в контексте глобализации и мультикультурализма [Текст] / С.О. Жунушова // Вестник АУПКР. – Вып. №18. - Бишкек, 2013. - С.78-84. - [Электронный ресурс]. - Режим доступа https://elibrary.ru/item.asp?id=25993231 - Загл. с экрана
10. Жунушова, С. О. Проблемы социальной идентичности молодежи Кыргызстана в условиях глобализации [Текст] / С.О. Жунушова // Вестник КНУ им. Ж.Баласагына. - Бишкек, 2014. – Вып. 1. - С.120-125. - [Электронный ресурс]. - Режим доступа: http://lib.knu.kg/ru/vestnik-knu-2014/ - Загл. с экрана
11. Жунушова, С. О. Методология изучения социальной идентичности как объекта социологического анализа [Текст] / С.О. Жунушова // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. - Бишкек, 2014 – Вып.№2. - С.93-99. - [Электронный ресурс]. - Режим доступа: http://lib.knu.kg/files/2014/vestnik_2_2014.pdf - Загл. с экрана
12. Жунушова, С. О., Казак к. Н. Молодежные движения в современном Кыргызстане: процесс формирования элиты [Текст] / С.О. Жунушова, Н.

Казак к. // Монография: Издательство КНУ им. Ж. Баласагына. - Бишкек, 2015. - 13 п.л. - 207 с.

13. Жунушова, С.О. Современные молодежные движения как фактор в формировании патриотической идентичности молодежи [Текст] / С.О. Жунушова // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. – Бишкек, 2015. - С.80-84. - [Электронный ресурс]. - Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=23671994 - Загл. с экрана
14. Жунушова, С.О. Роль современного университетского образования в процессе формирования религиозной культуры молодежи [Текст] / С.О. Жунушова // Alatoo academic studies. – Бишкек, 2017. - №1. - С 147-152. - [Электронный ресурс]. - Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=28314592 - Загл. с экрана
15. Жунушова, С.О. Место и роль национальных элит Кыргызстана в обеспечении религиозной безопасности в современных условиях [Текст] / С.О. Жунушова // Центр стратегических исследований при Президенте Республики Таджикистан. - Таджикистан и современный мир. - № 2 (61). - Душанбе, 2018. - С. 58-68. - [Электронный ресурс]. https://elibrary.ru/item.asp?id=39214745- Загл. с экрана
16. Жунушова, С. О. Основные факторы, влияющие на нестабильную религиозную ситуацию в Кыргызстане в современных условиях [Текст] / С.О. Жунушова // Вестник БГУ. - №2 (44). - Бишкек, 2018. - С.109 -112. - [Электронный ресурс]. - Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=35111001 - Загл. с экрана
17. Жунушова, С. О. Обеспечение религиозной безопасности молодежи Кыргызстана в современных условиях условиях [Текст] / С.О. Жунушова // Вестник КНУим. Ж. Баласагына. - Бишкек, 2018. - №2 (94). – 106-109. - [Электронный ресурс]. - Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=35246509
18. Жунушова, С.О., Казак к. Н. Роль элиты Центральной Азии в обеспечении стабильности и безопасности в Центральной Азии в религиозной сфере (результаты экспертного опроса). [Текст] / С.О. Жунушова, Н. Казак к. // Вопросы политологии. - Москва, 2018. - 11(39), 2018, с.906-914. - [Электронный ресурс]. - Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=36508097- Загл. с экрана
19. Жунушова, С. О., Эдилбек к. М. Дин азыркы коомдогу озгочо институт катары.[Текст] / С.О. Жунушова, М.Эдилбек к. //Alatoo academic studies. - Бишкек, 2019. - №1. - С 144-150.- [Электронный ресурс]. - Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=38525280 - Загл. с экрана
20. Эдилова, М. М., Жунушова, С.О. Кыргызстандагы коопсуздукту сактоодо ислам динин туткан жаштардын ролу. [Текст] / М.М. Эдилова, С.О. Жунушова // Alatoo academic studies. – Бишкек, 2019.- №1. - С 151-159. - [Электронный ресурс]. - Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=38525281- Загл. с экрана
21. Жунушова, С. О. Распространение радикального ислама в среде молодежи как угроза национальной безопасности Кыргызстана. [Текст] /

С.О. Жунушова // В сборнике материалов докладов 6 всероссийского социологического конгресса "Социология и общество: традиции и инновации в социальном развитии регионов". - 2020г. – С.915-923. - [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=44326213 - Загл. с экрана

22. Жунушова, С. О. Религиозная культура молодежи Кыргызстана как фактор обеспечения национальной безопасности [Текст] / С.О. Жунушова // Alatoo academic studies. - Бишкек, 2020. - №3. - С.298-307. - [Электронный ресурс]. - Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=44451190 - Загл. с экрана
23. Настасюк, Н.П., Жунушова С.О. Социально-экономические ресурсы и обеспечение демографической безопасности в странах Центральной Азии[Текст] / Н.П. Настасюк, С.О. Жунушова // Психолого-педагогические безопасности человека и общества. - Санкт-Петербург, 2021. - 5(51). - С.42-48. - [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=45799336 - Загл. с экрана
24. Жунушова, С.О. Кыргызстанда ислам дининин саясатташуусу улуттук коопсуздукка коркунуч туудурган фактор катары [Текст] / С.О. Жунушова ///Вестник КНУим. Ж. Баласагына. - Бишкек. - 2021. - №1 (105). – 157-163. - [Электронный ресурс]. - Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=46485099 -Загл. с экрана
25. Жунушова, С.О. Женщины Кыргызстана в науке: историко-социологические аспекты [Текст] / С.О. Жунушова // Alatoo academic studies. – Бишкек, 2022. - №2. - С.273-281. - [Электронный ресурс]. - Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=49469564-Загл. с экрана
26. Osmonova D., Zhunushova S., Kostuk Sh., Bekboeva A., Alykulova G. A. Sociological study of the religious identity of young people in Central Asia and Europe (following the example of Kyrgyz Republic and the Republic of Poland) [Text] / D.Osmonova, S. Zhunushova, Sh.Kostuk, A.Bekboeva, G. A. Alykulova // Pharos Journal of Theology. - ISSN 2414-3324. - Volume, 105. - Themed Issue 3 - (2024). – Режим доступа: https://www.researchgate.net/publication/381072351_A_Sociological_study_of_the_religious_identity_of_young_people_in_Central_Asia_and_Europe_following_the_example_of_Kyrgyz_Republic_and_the_Republic_of_Poland - Загл. с экрана
27. Жунушова, С.О., Мадалиев, М.М. Жаштардын билим алуу миграциясы жана коопсуздук көйгөйлөрү [Текст] / С.О. Жунушова, М.М. Мадалиев // Известия вузов. - Бишкек, 2014. - №1. - С.267-270. - [Электронный ресурс]. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=69230755- Загл. с экрана
28. Жунушова, С.О., Мадалиев, М.М. Эмгек миграциясынын жаштарга тийгизген социалдык таасирлери [Текст] / С.О. Жунушова, М.М. Мадалиев.// Известия вузов. - Бишкек, 2014. №1. - С.271-274. - [Электронный ресурс]. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=69230756-Загл. с экрана

29. Жунушова, С.О. Массалык маалымат каражаттары жаштардын социалдык иденттүүлүгунун калыптанышында негизи фактор катары [Текст] / С.О. Жунушова // Наука, новые технологии и иннновации Кыргызстана. - Бишкек, 2014. - №3. - С.331-334. - [Электронный ресурс]. https://elibrary.ru/item.asp?id=75097252- Загл. с экрана

**8. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна шайкештиги.** Автореферат диссертациянын негизги мазмунун толук чагылдырат жана анын структуралык элементтери талаптарга жооп берет. Жалпысынан алганда, Жунушова Сайкал Орозовнанын диссертациясынын автореферата теориялык-колдонмо мазмундуулугу, алынган маалыматтардын толук чагылдырылышы, негизги тыянактардын жана практикалык сунуштардын баяндалышы менен айырмаланат. Резюмелер кыргыз, орус жана англис тилдеринде бирдей берилген.

**9. Диссертациянын мазмуну жана түзүлүшү боюнча эскертүүлөр.**

1. Диссертациялык иште биринчи бөлүгүндөгү авторлорго берилген шилтемелер абдан көлөмдүү, кээ бир шилтемелерди кыскартуу абзел.

2. Диссертациянын 2.1. бөлүмүндө изилдөөнүн жыйынтыктары берилген, бирок кайсы жылдагы изилдөөлөрдүн жыйынтыктары колдонулганы толук ачыкталган эмес.

3. 2.2. бөлүмүндө, биздин оюбузча, жаш ишкерлердин ишкерликти баштоодогу көйгөйлөрү берилген, бирок эмне себептен, баштапкы капиталдын аздыгы, жетишсиздиги толук берилген эмес, андыктан аларды чечмелөө керек.

4. Диссертациянын 3.1. бөлүмүндө акыркы үч жылдагы социалдык, экономикалык калыбына келтирилген, жаңы салынган ишканалар жөнүндөгү маалыматтар дагы толук жаңыланбаган жана буга көңүл буруу зарыл.

5. Диссертациянын 4.1. бөлүмүндө жаштар манен иш алып баруудагы чет өлкөлүк тажрыйбага конкреттүү мисалдар жетишпейт. Дүйнөлүк алдыңкы мамлекеттердин жаштар менен иштөөдөгү алдыңкы практикасынан мисалдар көрсөтүлгөн эмес.

6. Изилдөөдөгү жаштардын маданиятка болгон көз карашы, жаштардын жалпы маданиятын калыптандыруу жөнүндөгү маалыматтар мисалдар менен берилсе абдан эффективдүү болмок.

7. Жаштардын маданиятка, экологияга, мамлекеттин коопсуздугуна болгон көз караштарынынын акыркы жылдардагы маалыматтар менен салыштыруу жүргүзгөндө иш мындан дагы мазмундуу болмок.

Бирок баса белгилөөчү нерсе, жалпысынан, жогоруда көрсөтүлгөн кемчиликтерди абдан олуттуу кемчиликтер деп белгилөөгө болбойт, андыктан алар диссертациялык изилдөөнүн илимий жана практикалык маанисин төмөндөтпөйт. Диссертациялык иштин негизги бөлүмдөрү атайын жүргүзүлгөн автордук социологиялык иликтөөлөрдүн жыйынтыктарына таянып жазылган дагы ынанымдуу мисалдарды камтыйт.

**10. Диссертациянын КР УАКтын окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө жобосунун талаптарына шайкештиги.**

Жунушова Сайкал Орозовнанын "Кыргызстан жаштарынын социалдык иденттүүлүгү: абалы жана келечеги" темасындагы диссертациялык иши 22.00.04. – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча КР УАКтын окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө жобосунун талаптарына толук жооп берет, анткени бул актуалдуу жана маанилүү көйгөйдү комплекстүү изилдөө болуп саналат.

Изденүүчү Жунушова Сайкал Орозовна 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алууга толук татыктуу.

**Расмий оппонент, социология илимдеринин доктору** **Мотукееев Б.Дж.**

14.04.2025

Отзыв поступил 23.04.25
Уч. секретарь: Б. Ордоев.

Кол тамгасы анык
23.04.2025